КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №22- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябрындагы №152 Оргочор айылы

Иштин муктаждыгына карата 2026-жылдын жергиликтүү бюджетине 9 айлыктын жыйынтыгы менен өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексинин 16-главасынын 78-беренесине жана 21-главасынын 115-беренесинин 3-пунктуна ылайык, финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Асаналиевдин билдирүүсү угулуп жана талкууланып Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Жергиликтүү бюджеттин 9 айлыгын жыйынтыгы менен иштин муктаждыгын жана кайрылуулардын негизинде төмөндөгү иштерди жасаоого акча каражаттары чечилип берилсин:
   1) "Айданек" МЧББУнун кайрылуусу. Кайрылууда очокканага- 146 950 (бир жүз кырк алты миң тогуз жүз элүү) сом ;
   2) Сметчик Касмалиев Канат- 271,7 (эки жүз жетимиш бир миң жети жүз) миң сом (2025-ж). жана 9 айлыктан кийинки жасалчу документерге - 560,6 (беш жүз алтымыш миң алты жүз) миң сом.
   3) Алтын бешик бала бакчасынын от жагуучу печкасын жаңыртууга- 230,0 миң сом жана генераторго -55,0 миң сом жалпысынан – 285,0 (эки жүз сексен беш миң) миң сом.
   4) К.Ысманова атындагы МЧББУнун оптималдаштыруу- 241,5 миң сом жана компьютер алууга 100,0 миң сом жалпысынан - 341,5 (үч жүз кырк бир миң беш жүз) миң сом;
   5) Социалдык жардамга – 200,0 (эки жүз миң) миң сом;
   - Үч-Кошкон айылынын жатак мектебинин окуучулары эжейлери менен Москва шаарына иш чарага катышууга -100,0 (бир жүз миң) миң сом берилсин (Ак-Шыйрактын өзүнө каралган акча каражатынын эсебинен статьясы өзгөртүлсүн).
   6) Желдеңбаев мектебинин ашкансын кеңейтүүгө- 303 545 (үч жүз үч миң беш жүз кырк беш) сом.
   7) Желденбаев мектебине спорт шайман алууга – 45 750 (кырк беш миң жети жүз элүү) сом;
   8) Мундуз айылына БИМ орнотууга гараждын 2 бөлмөсүн ремонтуна- 143 180 (бир жүз кырк үч миң бир жүз сексен) сом Мундузга бөлүнгөн акча каражатынын эсебинен жасалсын.
   9) Светлая Поляна айылынын мектебинин спорт кеңселерине (топ)- 65,0 (алтымыш беш миң) миң сом

10) Ак-Дөбө айылынын китепканасынын окуу борборуна – 138, 3 (бир жүз отуз сегиз миң үч жүз) миң сом (принтер, проектор, экран);
11) Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого жабдыктарды жана күйүүчү майды алууга – 500,0 (беш жүз миң) миң сом.
12) Оргочор айылынын ички иштерин жасоого (МТАА Агро МТС) – 723,0 (жети жүз жыйырма үч миң) миң сом;
13) Ак-Дөбө көлүнө контейнер алууга – 300,0 (үч жүз миң)мин сом.
14) Оргочор ФАПына брусчатка, тепкич, козерог- 568 656 (беш жүз алтымыш сегиз миң алты жуз элүү алты) сом.
15) Оргочор айыл аймагынын ички иштерине (МТАА Агро МТС)– 550,0 (беш жүз элүү миң) миң сом;
16) Тилекмат айылындагы Академик А.Алтымышбаев атындагы мектебинин короосуна деп бекитилген 467,0 миң сомго кошумча 1300,0 (бир миллион үч жүз миң) миң сом кошулуп, толукталып Тилекмат айылынын инфраструктурасын жакшыртууга жалпысынан 1767,0 (бир миллион жети жүз алтымыш жети миң) миң сом берилсин.
17) Оргочор айылын жаңы курулуп жаткан ФАПтын тышкы жасалгалоосуна - 1200,0 (бир миллион эки жүз миң) миң сом;
18) Ак-Дөбө айылындагы спорт комплекстин жылытуу системасына -1500,0 (бир миллион беш жүз миң) миң сом;
19) Светлая Поляна айылынын тамчылатып сугарууга трансформатор жана электр мамычаларына – 670,0 (алты жүз жетимиш миң) миң сом;
20) Светлая Поляна айылынын мектебине “LED” экран алууга - 180,0 (бир жүз сексен миң) миң сом.

2. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин “Финансы пландоо. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн жана айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго тапшырылсын

Төрага **А.Тыныбеков**